КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын VI-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 14-сентябрь № 59** **Барскоон айылы**

**Өздүк салымга жергиликтүү бюджеттен акча каражаттарын кароо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 16-бөлүмүнүн 78-беренесинин 5-пунктунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 39-беренесин жана жергиликтүү кеңешинин регламентин жетекчиликке алып, айыл өкмөтүнүн юристи М.Токтогоновдун билдирүүсүн угуп талкуулап Барскоон айылынын инфраструктурасын жакшыртуу максатында жергиликтүү кенеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айылынын Эшманбет көчөсүн 700 метр, Ленин көчөсүнүн 260 метр жолдорун асфальтоо үчүн республикалык бюджеттин үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен каржыланып жаткандыгына байланыштуу жалпы суммасы 8 266 549 (сегиз миллион эки жүз алтымыш алты миң беш жүз кырк тогуз) сом акча каражатынын өздүк салымы катары 50% өлчөмүндөгү жергиликтүү бюджеттен 4 133 275 (төрт миллион бир жүз отуз үч миң эки жүз жетимиш беш) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Акча каражатын жергиликтүү бюджеттен мыйзам чегинде бөлүп берүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин пландоо, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссияларына жана айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: жергиликтүү кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, а/ө -1 нуска, юстицияга- 2 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска